**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ ТАРЫХ ЖАНА МАДАНИЙ МУРАС ИНСТИТУТУ**
**ЖУСУП БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**
**ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШ Д 07.18.574.**

**Кол жазма укугунда**
**УДК 94(575.2):39**

**Эралиев Салайдин Нуралиевич**

# Шаардык кыргыз жумушчулардын социалдык-маданий абалы 1980-жж. ортосу – 1990-жж. ортосу (Этносоциологиялык материалдардын негизинде)

**07.00.07. – Этнография, этнология жана антропология**

**Тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын авторефераты**

**Бишкек-2018**

**Диссертациялык иш Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Тарых жана чөлкөм таануу факультетинин “Археология, этнография, булактаануу жана тарыхнаама” кафедрасында аткарылды.**

| | |
|---|---|
| **Илимий жетекчи:** | **Асанканов Абылабек Асанканович**<br>тарых илимдеринин доктору, профессор, КР УИА Тарых жана маданий мурас институтунун директору |
| **Расмий оппоненттер:** | **Усупова Назира Стамбековна**<br>тарых илимдеринин доктору, доцент, И.Арабаев атындагы КМУнун “Жалпы тарых жана социалдык-укуктук билим берүү”кафедрасынын профессорунун м.а. |
| | **Усубалиева Айнура Садановна**<br>тарых илимдеринин кандидаты, Талас мамлекеттик университетинин “Тарых жана коомдук илимдер” кафедрасынын доценти |
| **Жетектөөчү мекеме:** | Ош мамлекеттик университетинин “Кыргызстан тарыхы жана археология, этнография” кафедрасы,<br>дареги: Ош ш. Раззаков көчөсү, 21 |

Диссертациялык иш 2019-жылдын “31” январында саат 14.00 дө Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Тарых жана маданий мурас институтунун жана Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине караштуу тарых илимдеринин кандидаты (доктору) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертацияларды коргоо боюнча түзүлгөн Д 07.18.574. диссертациялык кеңештин жыйынында корголот. Дареги: Бишкек шаары,Чүй көч., 265-а., 2-кабат, Кичи жыйындар залы.

Диссертация менен Кыргыз Республикасынын улуттук илимдер академиясынын китепканасынан жана cslnaskr.krena.kg/ сайтынан таанышууга болот. Дареги: Чүй көч., 265-а

Автореферат 2018-жылдын 28-декабрында таркатылды.

Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы,
тарых илимдеринин доктору, профессор **Батырбаева Ш.Д.**

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Изилдөөнүн актуалдуулугу**. Кыргыз Республикасынын 2018-2040-жж. туруктуу өнүктүрүү стратегиясында Кыргызстан жакынкы келечекте өнүккөн өнөр жайга ээ болууга, билимдүү, квалификациялуу кадрларды тарбиялоого жана жумушчу күчүнүн сапатын жогорулатууга умтулат деп көрсөтүлгөн. Андан сырткары аталган Стратегияда аймактарды өнүктүрүү үчүн ага таяныч боло турган шаарларды өнүктүрүү каралган. Ошондуктан совет мезгилиндеги Кыргызстандагы индустриялаштырууга байланыштуу пайда болгон шаардык кыргыз жумушчу кадрларынын калыптануу, социалдык-маданий өнүгүү тажрыйбасына кайрылуунун зарылчылыгы бар.Совет мезгилинде кыргыздардын бир бөлүгү шаарлардын туруктуу жашоочуларына айланды жана алардын арасында түрдүү социалдык катмарлар жаралды. Андай социалдык катмарлардын бири − өнөр жай ишканаларында, транспортто, курулушта жана башка тармактарда иштеген кыргыз жумушчулары. 1991-ж. маалымат боюнча республикадагы кыргыздардын 17%ы шаарларда жашаган, алардын үчтөн бири жумушчулар эле. Совет мезгилинде жумушчулардын социалдык-маданий өнүгүшүнө өзгөчө көңүл бөлүнгөн. Алардын аткарган жумушу, алган билими, социалдык-маданий жүрүм-туруму, руханий дүйнөсү кыргыздардын башка катмарынан айырмаланган. Шаарларда башка улуттар менен чогуу жашоо жана көп улуттуу эмгек коллективдеринде эмгектенүү шаардык кыргыз жумушчуларынын турмуш-тиричилигине, маданиятына өз таасирин тийгизген. Бул мезгилдеги жалпы эле кыргыздардын социалдык-маданий деңгээлин шаардык кыргыздардын, анын ичинде, өнөр-жай ишканаларында иштеген жумушчулардын социалдык-маданий абалын эске албай туруп мүнөздөө мүмкүн эмес. Ошону менен бирге жумушчулардын жашоо ыңгайы, турмуш-тиричилик шарты, эмгегинин мүнөзү жана мазмуну башка социалдык катмарлардан айырмалангандыгына байланыштуу коомдо иштелип чыккан рухий дөөлөттөрдү өздөштүрүүгө да өз таасирин тийгизген.

Бүгүнкү күндө Этносоциология Кыргызстанда өнүгүп жаткан илимдин жаш тармагы. Шаардык кыргыз жумушчуларынын социалдык абалы, рухий маданияты, анын жалпы деңгээли, өзгөчөлүктөрү, аларды шарттаган факторлор алигиче өз алдынча этносоциологиялык деңгээлде изилдене элек. Жогоруда айтылгандардан көрүнүп тургандай, шаардык кыргыз жумушчуларынын социалдык-маданий абалын изилдөө актуалдуу болуп саналат жана анын натыйжалары илимий да, практикалык да мааниге ээ.

**Проблеманын изилденүү деңгээли.** ХХк. 80-жж. ортосунан 90-жж. ортосуна чейинки мезгилдеги шаардык кыргыз жумушчуларынын социалдык-маданий өнүгүшү атайын изилдөөгө алына элек, ага тиешелүү маселелерди ар кандай денгээлде чагылдырган эмгектер үч топко бөлүп

каралды. Жумушчуларды изилдеген эмгектердин **биринчи тобуна** кыргыз жумушчуларынын калыптануу маселесине, алардын сандык жана сапаттык өсүшүнүн арымына, техникалык даярдыгынын өсүшүнө арналган өнөр жай тарыхын изилдеген тарыхчы-окумуштуулардын эмгектерин жана Кыргызстандын жумушчу табынын тарыхына арналган коллективдүү эмгекти коштук. Алардын ичинен А.С.Ормушевдин [251]. эмгегин бөлүп көрсөтүүгө болот. Бул эмгегинде автор кыргыз жумушчуларынын өнөр жай ишканаларда аз болушунун себептерин, алардын социалдык-маданий абалынын көйгөйлөрүн изилдөөгө алган. Башка тарыхчылардын эмгектери совет мезгилиндеги изилдөөлөрдү чагылдыргандыктан, аларда советтик идеологиянын жоболору үстөмдүк кылат, алардын эмгектеринде жумушчулардын социалдык-маданий өнүгүшү, абалы жалпы берилген, республиканын социалдык-экономикалык жана маданий өзгөчөлүктөрү, анын ичинде кыргыз улутундагы жумушчулардын социалдык жана маданий көйгөйлөрү көтөрүлгөн эмес.

**Экинчи топко** этнологдордун, этносоциологдордун изилдөөлөрү кирди. Кыргыз жумушчуларын алгач С.М.Абрамзон этнографиялык изилдөөгө алган[6]. Ал изилдөөнү Кызыл-Кыя көмүр кенинде иштеген кыргыз жумушчуларынын арасында жүргүзгөн. Көлөмдүү макаласында окумуштуу көмүр кениндеги кыргыз жумушчуларынын калыптануусун, кийим-кечесиндеги, үйдүн ички жасалгасындагы салттуу жана жаңы элементтерди, маданиятындагы айрым өзгөчөлүктөрдү караган. К.Мамбеталиева Кыргызстандын түштүгүндөгү шаарлардын көмүр кендеринде иштеген кыргыз шахтёрлорунун калыптануу маселелерин, турак-жай, үйдүн ички жасалгасы, кийим-кече, тамак-аш, никелешүү жана үй-бүлө маселелерине тиешелүү маселелерди ар тараптан жана кеңири изилдөөгө алган[208;209;210]. Бул изилдөөлөрдө жумушчулардын рухий маданиятынын маселелери көтөрүлгөн эмес.

1980-1990-жж. шаардык кыргыз жумушчуларынын социалдык-маданий абалынын айрым маселелери шаар калкын изилдеген этносоциологдордун эмгектеринде көрсөтүлгөн. С.Каракеева шаардык кыргыздардын, анын ичинде кыргыз жумушчуларынын да үй-бүлөсүн изилдеген. Үй-бүлөдөгү өзгөрүүлөр менен катар ал жумушчулардын турмуш тиричилигинин жана маданиятынын айрым маселелерин иликтеген [150]. А. Асанканов улуттук жумушчу кадрларды жана техникалык интеллигенцияны даярдоого арналган макаласында улуттук жумушчулардын калыптануу жана өнүгүү факторлору талдоого алынган жана кыргыз жаштарынын жумушчулардын катарын толуктай албай жаткандыгынын себептери көрсөтүлгөн [33]. Г.Исаева Бишкек шаарынын 80-жж. – 90-жж. башындагы кыргыз калкынын социалдык-маданий өнүгүшүн изилдеген. Автор бул эмгекте жумушчуларды атайын бөлүп караган эмес, алар түрдүү социалдык-кесиптик топторду тигил же бул

маселелер боюнча салыштырууда гана көрүнөт[128]. А.Жоошбекова Кыргызстандын орто шаарларынын кыргыз калкынын социалдык-маданий өнүгүшүн изилдеген. А.Жоошбекованын эмгегинде да жумушчулар өз алдынча изилдөөгө алынган эмес, бирок башка социалдык катмарлар менен салыштырууда жумушчулар тууралу маалыматтар берилген [110].

Аталган имлмий эмгектер ар башка шаарлардын, алардын жумушчуларынын социалдык-маданий абалын салыштырып кароодо зарыл.

**Изилдөөлөрдүн үчүнчү тобуна** 90-жж. башында корголгон социологиялык [9; 265] жана философиялык [70] диссертациялык иштерди киргизүүгө болот. Бул диссертациялык эмгектерде социологиялык изилдөөлөргө, статистикалык маалыматтарга таянып кыргыздардан жумушчуларды даярдоонун этаптары, өнөр жай ишканаларынын жайгаштыруудагы диспропорция, ага байланыштуу кыргыз жумушчу кадрларынын аз болушу каралган. Арийне, бул эмгектерде улуттук жумушчулардын маданияты каралган эмес. 1980-жылдардын аягы - 1990 -жылдардын башында шаардык кыргыз жумушчуларынын рухий маданиятына тиешелүү маселелерди иликтөө үчүн ушул диссертациянын автору тарабынан этносоциологиялык изилдөөлөрдүн натыйжасында айрым макалалар жарык көргөн. Жыйынтыктап айтканда аталган көйгөй кеңири изилдөөгө алына элек. Этностордун арасында жүргөн жана жүрүп жаткан трансформациялык процесстер боюнча постсоветтик мезгилде Россия Федерациясынын окумуштуулары [45; 148; 266] кандидаттык жана докторлук диссертацияларын коргошкон, б.а. башка мамлекеттердеги антропологдор, этносоциологдор бул маселелер боюнча мурдагы мезгилдердеги тажрыйбаны жигердүү изилдеп жатышат.

Талдоого алынган жогорудагы илимий эмгектер Кыргызстандагы 1980-1990жж. шаардык кыргыз жумушчуларын ар тараптуу изилдөөдө алардын социалдык-маданий абалы атайын иликтөөгө алына электигин көрсөттү жана жалпы эле республиканын каралып жаткан мезгилин толук ачып берүү үчүн аталган маселени ар тараптан атайын изилдөө зарылчылыгын айкындады.

**Диссертациянын илимий программалар жана негизги илимий изилдөөчүлүк иштер менен байланышы.** Диссертациялык иш Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетинин Тарых жана чөлкөм таануу факультетинин Археология, этнология, булактаануу жана тарыхнаама кафедрасында аткарылган демилгелүү иш.

**Изилдөөнүн объектиси** Кыргызстандагы 1980-1990-жж. шаардык кыргыз жумушчулары.

**Изилдөөнүн предмети** шаардык кыргыз жумушчуларынын калыптануу маселелери, шаарлардын маданий чөйрөсү, жумушчулардын руханий талаптары, аларды канааттандыруунун социалдык, экономикалык

шарттары, жолдору, ага таасирин тийгизген факторлор, профессионалдык маданият чыгармаларынын алардын рухий дүйнөсүндө алган орду.

**Изилдөөнүн максаты жана милдети.** Диссертациялык изилдөөнүн максаты – XXк. 80-жж. ортосунан 90-жж. ортосуна чейинки мезгилдеги шаардык кыргыз жумушчуларынын социалдык-маданий абалын ар тараптан ачып берүү. Ал үчүн төмөндөгүдөй милдеттерди чечүү каралган:

1.Кыргыз жумушчу кадрларынын калыптануу тарыхына, булактарына жана даярдоо жолдоруна саресеп салуу.

2.Билим берүү мекемелериндеги жумушчу кесибине багыт берүүнү жана даярдоону ачып көрсөтүү.

3.Жумушчу кадрларды даярдоодо аларга тиричилик шарттардын тийгизген таасирин ачып берүү.

4. Шаарлардын маданий чөйрөсүнүн өнүгүшүн көрсөтүү.

5.Массалык маалымат каражаттарынын жумушчулардын руханий дүйнөсүндө ээлеген ордун көрсөтүү.

6.Жумушчулардын көркөм адабият дүйнөсүндөгү кызыгуу чөйрөсүн аныктоо.

7. Кинонун, театрдын, музыканын жана музейдин жумушчулардын рухий турмушунда алган ордун аныктоо.

8. Маданий агартуучу мекемелердин жумушчулардын социалдык-маданий турмушундагы ордун көрсөтүү.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы.** Кыргыз улуттук жумушчу кадрларынын калыптануу тарыхы, анын булактары жана даярдоо жолдору изилденди. Алгачкы жолу этносоциологиялык изилдөөлөрдүн негизинде кыргыз улуттук жумушчуларынын көркөм адабият дүйнөсүнө кызыгуусу чагылдырылды. Искусствонун, тактап айтканда, кинонун, театрдын, музыканын, музейдин кыргыз жумушчуларынын рухий маданиятында алган орду көрсөтүлдү. Шаардык кыргыз жумушчуларынын массалык маалымат каражаттарына мамилеси, алардын маданий турмушундагы басма сөздүн, радиоберүүлөрдүн, телекөрсөтүүлөрдүн орду такталды. Шаарлардагы кыргыз жумушчулары тушуккан социалдык шарттардын алардын жалпы маданий абалына тийгизген таасири көрсөтүлдү. КР түрдүү шаарларында эмгектенген кыргыз жумушчуларынын маданий баалуулуктарды өздөштүрүүсүндөгү өзгөчөлүктөр айкындалды.

**Алынган жыйынтыктардын илимий-практикалык мааниси.** Изилдөөнүн жыйынтыктары улуттук жумушчу кадрлардын жаңы муунун даярдоого тиешеси бар мамлекеттик органдардын, билим берүү мекемелеринин, ишканалардын бул багыттагы ишин уюштурууда, руханий маданият чөйрөсүндө иштеген мекемелер, чыгармачыл коллективдер жана инсандар, массалык маалымат каражаттарынын кызматкерлери үчүн калктын түрдүү катмарларынын рухий талаптарын тереңирээк билүүдө, ал талаптарды канааттандырууда маданий мекемелерди калкка жакындатуу үчүн шаар курулушун пландоодо

пайдалуу. Мындан сырткары бул изилдөөнүн натыйжаларын окуу жайлар үчүн окуу китептерин жазууда, лекцияларды окууда колдонууга болот.

**Диссертациянын коргоого алынып чыгуучу негизги жоболору:**

1.Кыргыздардын байыркы мезгилден ХХк. башына чейин көчмөн жана жарым көчмөн чарба менен алектениши алардын индустриалдык кесиптерди жай өздөштүрүүсүнүн жана гуманитардык, медициналык жана башка социалдык чөйрөдө эмгектенүү барктуу сезилишинин негизги себептеринин бири болгон.

2.Айыл жерлеринде атайын максаттуу багыт берүүчү үгүт иштери жүргүзүлбөгөндүктөн шаардагы кесиптик-техникалык окуу жайларда окуган кыргыз жаштарынын саны жай өскөн, окуу орус тилинде жүргүзүлгөндүктөн алар квалификация боюнча өнөр жайында калыптанып калган кыргыз жумушчуларынын үлүшүнө байкаарлык таасир бере алган эмес.

3.1980- жылдарынын аягында кыргыз жаштары "Ашар" коомдук кыймылын түзүү менен кыргыз өкмөтүнүн мүмкүнчүлүгүнүн чектелүүсүнүн кесепетинен ишке ашпай келген турак жай менен камсыз кылуу маселесин өз алдынча ишке ашырышты.

4.Тарыхый жактан калыптанган этномаданий мейкиндиктин аймактык өзгөчөлүктөрү шаар турмушуна, шаардык маданий чөйрөгө түздөн-түз таасир берип рухий маданияттагы айырмачылыктарды жана анын деңгээлин шарттаган.

5.Шаардык кыргыз жумушчуларынын улуттук өзүн-өзү аңдоо сезиминин өсүшүнө профессионалдык маданиятка негизги басым жасалгандыгына карабастан элдик музыка жана оозэки тарых көбүрөөк таасир эткен.

6. Адабият, кино, театр, музыка чыгармалары маңызы, мазмуну жана мааниси боюнча түрдүү болгондугуна карабастан шаардык кыргыз жумушчулары алардын ичинен кыргыз элинин тарыхына, маданиятына арналгандарына көбүрөөк көңүл бурган.

**Изилдөөчүнүн жеке салымы.** Жумшчулардын арасында жүргүзүлгөн этносоциологиялык изилдөөлөрдүн натыйжасында алардын эмгек, социалдык, турмуш-тиричилик шарттары, шаарлардагы маданий чөйрө, алардын жумушчулардын рухий талаптарын канааттандыруудагы ролу, жумушчулардын профессионалдык маданият чөйрөсүндөгү баалуулуктары аныкталды.

**Илимий иштин апробациясы.** Изилдөөнүн натыйжалары 1995-2016-жж. аралыгында Бишкек, Ош шаарларында өткөн республикалык, эл аралык конференцияларда, симпозиумдарда жана семинарларда доклад катары баяндалган жана талкууланган: "Манас" эпосу жана дүйнө элдеринин эпостук мурасы" эл аралык симпозиуму. Бишкек, 1995, 25-26-август; Жогорку окуу жайлар аралык конференция: "Улуу жибек жолу жана азыркы мезгил". Бишкек, 1999, 25-26-май; Этнограф

К.Мамбеталиеванын 70 жылдыгына арналган I республикалык этнологиялык семинар. Бишкек, 2006, 20-ноябрь; “Борбордук Азиядагы этносоциалдык жана этномаданий жараяндар: тарых жана азыркы мезгил” эл аралык илимий конференциясы. Бишкек, 2009, 20-ноябрь; “Кыргыз кагандыгы түрк цивилизациясынын алкагында: кыргызтаануу маселелери” эл аралык илимий конфернциясы. Бишкек, 2012-ж, 15-16-ноябрь; “Борбордук Азия: билим, муун жана салт” Кыргызстандын этнологдорунун жана антропологдорунун III конгресси. Ош, 2016-ж., 13-15-июнь.

**Изилдөөнүн жыйынтыктарынын жарыяланышы.** Диссертациялык иштин негизги жоболору жана иштин мазмунуна байланыштуу илимий тезистер, макалалар атамекендик жана чет элдик басылмаларда, анын ичинде РИНЦ системасына кирген илимий журналдарда жарыяланды.

**Диссертациялык иштин түзүмү жана көлөмү.** Иш киришүүдөн, төрт баптан, корутундудан, колдонулган адабияттардын тизмесинен жана тиркемеден турат.

## ИШТИН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** диссертациялык иштин актуалдуулугу негизделди, иштин изилденүү деңгээли чагылдырылды, максаты жана милдеттери аныкталды, изилдөөнүн жаңылыгы, коргоого алынып чыгуучу жоболор, иштин илимий-практикалык мааниси, изилдөөчүнүн жеке салымы жана иштин көлөмү көрсөтүлдү.

**Биринчи бап кыргыз улуттук жумушчу кадрларынын калыптанышынын тарыхына, булактарына жана калыптануу жолдоруна арналган.** XX к. 20-30-жылдарынан баштап өнөр жайда, курулушта, транспортто ж.б. иштеген кыргыз жумушчу кадрлары калыптана баштаган. Жумушчу кадрлардын катары негизинен айылдан келген дыйкандардан, отурукташтырылып жаткан көчмөндөрдөн толукталган. Колхоздор менен келишим түзүү аркылуу жумушчуларды топтоо да маанилүү булактардын бири болуп калды. Жумушчу кадрларды башка союздук республикалардын өнөр жайлуу борборлорунда да даярдашкан. Квалификациялуу жумушчу кадрларын даярдоо ФЗУда, кыска мөөнөттүү кесиптик-техникалык окуу жайларында(курстарда) ишке ашырылган. Кийинчерээк жумушчу кадрлардын негизги массасы өндүрүштө бригадалык жана жекече түрдө даярдыктан өтүшкөн.

Улуу Ата Мекендик согуштун учурунда жумушчуларды мобилизациялык жол менен өнөр жайга жөнөтүшкөн. Өнөр жайындагы кыргыз жумушчуларынын салыштырма салмагы болсо бир кыйла азайган. Согуштан кийинки алгачкы жылдарда жумушчу табынын катарларын толуктоо демобилизациялангандардын, жалпы билим берүүчү

мектептердин, эмгек резервдери окуу жайларынын окуучуларынын эсебинен, жумушчу күчтөрүн уюшкандыкта жыйноо, шаар жана айыл калкын ишке орноштуруу, эркин жалдоо, башка ишканалардан которуу ж.б. жолдор менен ишке ашырылган. Бул жылдары Улуу Ата Мекендик согуш мезгилинде мобилизацияланып келген жумушчулардын өнөр жайды таштап кеткендигине байланыштуу улуттук жумушчу кадрлардын салыштырма салмагы 1948-жылы 7,4 пайызга чейин азайган. Өнөр жайда, транспортто жана курулушта квалификациялуу кыргыз жумушчуларынын санын көбөйтүү маселесине Кыргызстан Коммунисттик партиясы менен өкмөтү 1949-ж., 1951-ж. жана 1958-ж. атайын кайрылып, тиешелүү органдардан иштиктүү чараларды көрүүнү талап кылган. Натыйжада 1959-жылдын башында өнөр жайда 11,6 миң кыргыз иштеп, жумушчулардын жалпы санынын 10,2 пайызын түзгөн. 60-жылдардан тартып Кыргызстандын өнөр жайы сандык жана сапаттык жактан чоң өзгөрүүлөргө дуушар болду. Бирок, ишканалардын дээрлик баары республиканын борборуна жана Ош шаарына жайгаштырылды жана аларда иштөө үчүн жумушчуларды сырттан алып келүү адатка айланды.

1960-1970-жж. кыргыздардан жумушчу даярдоо маселеси жетиштүү эске алынган эмес. Кыргыз улуттук жумушчу кадрларынын саны 1979-ж. гана 1939-ж. деңгээлге жетишкен. Улуттук жумушчу кадрлардын санынын өсүү темпи, аларды даярдоо маселелери коомчулуктан жаап жашырылып келинген. Статистикада алардын санын совхоз жумушчуларынын эсебинен көбөйтүп айтышчу же жумушчулар менен кызматчыларды чогуу көрсөтүү менен чыныгы абалды жашырышкан. 1987-жылдын 1-июлуна карата республикада кыргыздар өнөр жайда иштегендердин 25 пайызын, курулушта - 26, транспортто 35 пайызын гана түзгөн. Ал эми алдыңкы өнөр жайлык борбор - Бишкек шаарынын ишканаларында кыргыз жумушчулары бардык жумушчулардын чейрегине жакынын гана түзөт. Айылдан шаарга боло турган миграцияны күч менен токтотуп келишкен. Мамлекеттик деңгээлде, коомчулукта, облустук жана райондук деңгээлде жаштарды айыл жеринде иштөөгө үгүттөө жумушчу кадрларын даярдоого үгүттөөгө караганда жогору жана күчтүү болгон. Кээде орус тилин билбейт деген шылтоону бетке кармап кыргыз жаштарын жумушка албай койгон учурлар да болгон.

Кыргызстан эгемендүүлүккө жетишкенден кийин айрым заводдор айылдарга филиалдарын ачышты. Түркия Республикасы Кыргызстан үчүн жумушчу кадрларды даярдоого көмөк көрсөтө баштады. Кыргыз жаштары Түркия Республикасынын техникалык лицейлеринде жумушчулук кесиптерге окуй башташты. Түркия Республикасы андай лицейлерди Кыргызстанга да ачты.

XXк. 80-90-жж. кыргыз жумушчуларынын аз болушу объективдүү мыйзамченемдүүлүк болгон. Октябрь революциясына чейин кыргыздарда

көчмөн жана жарым көчмөн чарба үстөмдүк кылган. Кылымдар бою үстөмдүк кылган чарбалык өзгөчөлүк өз кезегинде алардын эмгектеги кесип тандап алуусуна таасирин тийгизген. Өнөр жайы жана курулуш чөйрөсү алар үчүн жаңы болуп эсептелген.

**Экинчи бапта изилдөөнүн материалдары, изилдөө ыкмалары жана жумушчу кадрларды даярдоонун социалдык-маданий жагдайлары каралат.** *Экинчи баптын 1-бөлүмү изилдөөнүн материалдарына жана изилдөө ыкмаларына арналды.* Илимге киргизилип жаткан булактарды төмөндөгүдөй топторго бөлдүк:

Биринчи топко *1991-ж. жүргүзүлгөн этносоциологиялык изилдөөлөрдүн материалдары киргизилди.* 1991-ж. жай айларында Кыргызстандын Бишкек, Кант, Каракол, Ош, Жалал-Абад, Өзгөн,Майли-Сай,Таш-Көмүр (Көмүр шахталарынан башка) шаарларынын өнөр-жай ишканаларында эмгектенген 700дөн ашык кыргыз улутундагы жумушчулар суралган. Аталган шаарлар калкынын саны, улуттук курамы, административдик-аймактык жайгашуусу боюнча Кыргызстан шаарларынын абалын (орто, чоң жана ири) чагылдырып турат. Жумушчулар жынысы, жаш курагы, билими, үй-бүлөлүк абалы боюнча тандалып алынган. Суралган жумушчулар экономикалык, социалдык жана маданий процесстерди чагылдырган суроолорго жооп беришкен. Сурамжылоонун материалдары электрондук эсептегич машинасында атайын программа боюнча иштелип чыккан. Айтылып жаткан этносоциологиялык материалдар Кыргызстан шаарларындагы кыргыз жумушчулары тууралуу каралып жаткан маселелер боюнча толук маалымат берет.

Экинчи топту *мамлекеттик жана расмий коомдук уюмдардын архивде сакталган жана жарыяланган иш жүргүзүү кагаздары* түздү. Алар: Кыргызстан коммунисттик партиясынын съездеринин материалдары, Борбордук Комитетинин токтомдору; Кыргыз ССР Жогорку Совети кабыл алган Мыйзамдар, КР Өкмөтүнүн токтомдору, КПСС БК Пленумдарынын материалдары, СССР Министрлер Советинин токтомдору. Аталган расмий документтерде кыргыз улуттук жумушчу кадрларын даярдоого жана алардын социалдык-маданий абалына тиешелүү жагдайларды ачыктай турган маалыматтар камтылган.

Үчүнчү топко *статистикалык материалдар кирди*: 1979-ж. жана 1989-ж. эл каттоонун жыйынтыктары. Бул жыйнактан шаар калкынын арасында кыргыздардын сан жагынан өсүү динамикасы тууралуу маалыматтар алынды (1989-ж. эл каттонун газетага жарыяланган материалдары пайдаланылды); статистика комитетинин 1975-, 1987-, 1988-, 1989-, 1991-жылдарындагы жылдыктары. Бул жылдыктарда өнөр жай, жумушчулардын айлык эмгек акысы, шаарлардагы турак-жай курулушунун көрсөткүчтөрү, шаарлардагы маданий мекемелер, аларга калктын келиши, эл керектөөчү товарларды чыгаруунун динамикасы ж.б.

тууралуу материалдар чагылдырылган. Бул материалдар жумушчулардын социалдык абалы, алардын материалдык жана руханий талаптарынын канааттандырылышы жөнүндөгү маселелерди мүнөздөөгө зарыл болгон маалыматтарды берет.

*Төртүнчү топко мезгилдүү басма сөздүн материалдары кирди.* Аталган мезгилде демократиялаштыруу, маалымдуулук шартында союздук жана республикалык басма сөздө социалдык-экономикалык, укуктук, билим берүү, маданият ж.б. чөйрөлөрдө жылдар бою топтолуп келе жаткан көйгөйлөр чагылдырылып, кеңири талкуу жүргөн. Сенектик жылдары ачык айтылбаган көйгөйлөрдүн бири – кыргыз улутундагы жумушчулардын саны жана сапаты, социалдык абалы, маданияты ж.б. тууралуу советтик, партиялык кызматкерлер, ишкана жетекчилери, окумуштуулар, маданият кызматкерлери, журналисттер ой бөлүшкөн. Басма сөздө кыргыз жумушчуларынын өз көйгөйлөрү тууралуу жазгандары өзгөчө кызыгууну туудурат.

Бешинчи топко *изденүүчүнүн жекече топтогон материалдары* кирди. Изилдөө жүргүзүлүп жаткан учурда шаарлардын аткаруу комитетинин бөлүмдөрүнүн кызматкерлери, маданият үйлөрүнүн, китепканалардын, клубдардын башчылары, парк башкармалыгынын кызматкерлери ж.б. менен жүргүзүлгөн аңгемелешүүлөрдүн материалдары. Бул маалыматтар аталган маданий агартуу мекемелеринин ишин жана материалдык-техникалык базасын, аларга жумушчулардын мамилесин, айрым көрүнүштөрдүн себептерин айкындоого көмөктөшөт.

Изилдөөнүн-теориялык методологиялык негизин этносоциология илиминин көрүнүктүү өкүлдөрүнүн концепциялары; историзм, объективдүүлүк принциптери түздү. Тарыхый илимий таанып билүүнүн өзгөчөлүгүнө таянып, биз жалпы илимий (анализ, синтез, кейс-стади, дискурс ж.б.), атайын тарыхый (тарыхый-салыштырма, генетикалык, диахрондук, типологиялык системалаштыруу) жана этносоциологиялык методдорду колдондук. Ошондой эле Кыргызстанда жана башка союздук республикаларда өткөрүлгөн этносоциологиялык изилдөөлөрдүн тажрыйбасы кеңири пайдаланылды: *кейс-стади* ыкмасы этнологияда колдонулуучу сурамжылоо жана байкоо жүргүзүү ыкмаларын толуктады. Анкета менен сурамжылоодон сырткары шаардык Советтердин аткаруу комитеттеринин маданият бөлүмүнүн кызматкерлри, маданий мекемелердин жетекчилери, ар түрдүү деңгээлдеги жетекчилер менен кеңири аңгемелешүү, тактап сурамжылоо жүргүзүлдү. Ал кыргыз жумушчулардын анкетада камтылбай калган социалдык-маданий жүрүм-турумунун айрым жактарын түшүнүүгө боло турган маалыматтарды чогултууга мүмкүндүк берди; *тарыхый-салыштырма* ыкмасы кыргыз жумушчуларынын калыптануу тарыхын советтик түзүлүштүн жана өнөр-жайдын өнүгүшүнүн ар кайсы этаптарындагы натыйжалары менен салыштырып кароого, бул жүрүмдүн социалдык саясат, социалдык

чөйрөлөрдүн өнүгүшү сыяктуу маселелер менен тыгыз байланышта кароого, шаарлардын маданий чөйрөсүнүн өнүгүү этаптарын, анын өзгөчөлүктөрүн табууга мөмкүндүк берди; *генетикалык* ыкма кыргыз жумушчулардын коомдогу маданий баалуулуктарды өздөштүрүү маселесин талдоодо колдонулду. Изилдөөдө белгилүү болгондой ар кайсы шаарлардагы жумушчулардын, алардын жыныстык, жаш-курактык ж.б. топторунун арасында аталган баалуулуктарды өздөштүрүүдө айырмачылыктар бар. Анын себептерин аныктоо аталган ыкма менен ишке ашырылды; *тарыхый-диахроникалык* ыкма убакыттын өтүшү менен өзгөрүп турган кубулуштарды изилдөөнүн зарыл инструменти катары кыргыз жумушчуларынын социалдык-маданий абалынын бардык маселелеринин динамикасын талдоодо катышты; кыргыз жумушчуларынын жалпы маданий абалын аныктоодо алардын профессионалдык маданияттын чөйрөлөрүнүн (кино, театр, музей, музыка ж.б.) ар бирине болгон мамилесинин сандык жана сапаттык көрсөткүчтөрүн тактоо үчүн *типологиялык салыштырма* ыкмасы колдонулду.

*Экинчи баптын 2-бөлүмү билим берүү мекемелеринде жумушчу кесибине багыт берүүгө жана кесипке даярдоо* маселелерине арналган. Кесиптик-техникалык окуу жайлардын саны 1980-жж. 120дан ашты, аларда 1987-ж. республикадагы жумушчулардын үчтөн бирине жакыны даярдалган. Алардын 80%ы айыл-чарба, соода ж.б. тармактар үчүн кадрларды даярдашкан. Индустриалдык кадыр барктуу жумушчу кесиптерине даярдоочу кесипчилик техникалык окуу жайларында окуган кыргыз жаштары 20%ды гана түзгөн. Алардын да көпчүлүгү жеңил өнөр жайы, соода ж.б. тармактар үчүн жумушчуларды даярдаган окуу жайларда окушкан. Алдыңкы тармактар үчүн жумушчуларды даярдаган Бишкектин окуу жайларында кыргыздар 80-жж. орточо 15%ды гана түзгөн. Республиканын кесипчилик-техникалык окуу жайларынын көбү окутуунун жогорку сапатын камсыз кыла алган эмес. Сенек жылдарда аталган окуу жайлардын кадыр-баркы да төмөндөй баштаган. Жалпы орто билим берүүчү мектептердин жогорку класстарынын окуучуларын эмгекке жана кесип тандоого даярдыгын жакшыртуу максатында мектептер аралык окуу-өндүрүштүк комбинаттары уюштурулган. Негизги массасы айылдарда жашаган кыргыздардын, өзгөчө мектепти аяктап жаткан жаш улан-кыздардын өнөр жай кесиптери боюнча тишелүү маалыматы болгон эмес, анткени аларды айыл-чарба эмгегине даярдашкан. Ошондуктан алдыңкы өнөр жайлуу кесиптерге даярдаган кесиптик-техникалык окуу жайларга кыргыз жаштары өтө аз келген, ошондо да окутуу орус тилинде жүргүзүлгөндүктөн ал жерде тийиштүү даярдык ала алган эмес.

***Экинчи баптын*** *3-бөлүмүндө жумушчу кадрларды даярдоого тиричилик шарттардын тийгизген таасири каралат.* Кыргыз

жумушчуларынын уюткулуу бөлүгүн квалификациясы жок жана квалификациясы төмөн жумушчулар түзөт. Суралган жумушчулардын 53,4 пайызы өз ишине канааттанат, ал эми калганы такыр канааттанбайт же жарым-жартылай гана канааттанат. Анын себептери катары жумушчулар төмөндөгүлөрдү көрсөткөн: жумуштун оордугу, барксыздыгы жана эмгек акынын аздыгы. Эмгек акынын да көпчүлүгү жашаган батирге төлөгөнгө жумшалган. Коллективдеги мамиле, жетекчиликтин мамилеси да өз таасирин тийгизбей койбойт. Өз жумушуна канааттанбагандардын 3 пайызына жакыны башкы себеп катары жетекчиликтин начар мамилелесин көрсөткөн. Жумушчулардын бир бөлүгүн ишканалардагы эмгек шарты канааттандырбайт.

Жумушчулардын калыптануусуна, социалдык-маданий абалына олуттуу таасир берген жагдайлардын негизгилеринин бири турак-жай маселеси. Акыркы 25 жылдын ичинде шаарларда турак-жайларды пайдаланууга берүү өсүп отурган, бирок ал шаар калкынын өсүү арымынан артта калган. Натыйжада үй алууга, үй шартын жакшыртууга кезекке тургандардын саны көбөйгөн. Фрунзе шаарынын өзүндө эле 1987-жылдын 1-апрелинде үй алууга кезекке тургандардын саны 24693 үй-бүлө болсо, алар 1988-жылдын 1-июлуна карата 34353кө жеткен. Кыргыз жумушчулары шаарларда, адатта, башка улуттагы кишилердин үйлөрүн жалдоого мажбур болушат. Бирок алардын көпчүлүгүнүн шарты шаардык талапка ылайык эмес эле. Жумушчу жатаканалары да көп учурда талапка ылайык иштебейт. Айрым ишканалардын жатаканасы да болгон эмес. Айрым үй-бүлөлөр жатаканадан бөлмө тийбей, жатакананын эч кандай коммуналдык шарты жок жертөлөсүндө жашаган. Турак жай маселесин чечүүдө кыргыз өкмөтүнүн мүмкүнчүлүгү жетпестигине, завод-фабрика жетекчилеринин үй берерине көзү жетпеген кыргыз жаштары 1989-ж. Бишкек шаарынын тегерегиндеги айдоо аянттарын күч менен тартып алышып, жекече үйлөрдү куруп башташты. Үй куруучулар “Ашар” коомдук кыймылын негиздешти. Анын мүчөлөрүнүн 70%ын кыргыз жумушчулары түзгөн.

**Үчүнчү бапта шаарлардын социалдык-маданий шарттарынын өнүгүү абалы каралды.** ***Баптын*** *биринчи бөлүмүндө шаарлардын маданий чөйрөсүнүн* абалы иликтенди. Изилдөөлөр жүргүзүлгөн мезгилге карата Кыргызстандын шаарларында советтик билим берүү системасы иштеген. Орто билим берүүчү мектептерде 1980-жж. бир топ көйгөйлөр жаралган. Республика боюнча мектептердин 3%ы 3 нөөмөттө окушчу. Мектептердин үчтөн бири гана окутуунун техникалык каражаттары менен жабдылган. Борбор шаарда бир гана кыргыз мектеби болгон жана анда нормада каралгандагыдан алда канча көп окуучу окуган.

1980-жж. ортосуна карата Кыргызстанда 113 газета, 42 журнал басылып чыгып турган. Газеталардын 61и, журналдардын 16сы гана кыргыз тилинде чыккан. Кыргызстан газета-журналдарды адам санына

карата чыгаруу боюнча союздук башка республикалардан артта турган.

1990-жж. башында кыргыз радиосунун эки программасы аркылуу күнүнө 68,5 саат радиоуктуруулар берилген. Бардык шаарларда 2-4 программадагы телеберүүлөрдү көрүүгө мүмкүнчүлүк түзүлгөн. Эгемендүүлүккө жетишкенден кийин башка облустарда да өз телекөрсөтүүлөрү пайда болду. Кыргызстан шаарларында 1990-ж. 9 театр, 33 музей, 253 киноаппараттары, 322 китепкана, 163 клубдук мекемелер иштеген. Маданият мекемелеринин жайгашуусу шаарлардын түрдүү статусуна жараша бирдей эмес. Республикада бир окурманга 10дон китеп туура келген, ал эми бул башка республикалардагы орточо көрсөткүчкө караганда бир кыйла аз көрсөткүч эле.

Орто жана чакан шаарларда негизги маданият очоктору маданият үйү, кинотеатр, клубдук мекемелер, эс алуу парктары эсептелет. Суралган жумушчулардын 21,4%ы маданият үйлөрүндөгү майрамдык кечелерге, 24%ы кинофильмдерге, концерттерге барып турарын, 8%ы өздүк көркөм чыгармачылыгына катышарын билдирсе, 44%ы маданият үйлөрү менен клубдардын иши өзүнө тарта албай турганын билдиришкен. Кыргыз жумушчулары бош убактыларында китеп, газета-журнал окуу, театрга, киного баруу, телеберүүлөрдү көрүү жана радиоуктурууларды угууну адатка айландырышкан. Бош убакытты өткөрүүдө жумушчулардын арасында эс алуунун тигил же бул түрүнө өзгөчө артыкчылык бергендер бар экендигин көрүүгө болот.

Жоро-жолдоштордун, достордун чөйрөсүндө болууга, спорт менен машыгууга артыкчылык бергендер эркектердин арасында, ал эми китеп, газета-журналдарды окууга, өз билимин көтөрүүгө көбүрөөк артыкчылык бергендер аялдардын арасында көбүрөөк. Бош убактысын достор менен болууга арнагандар 16-25 жаш курактагы жаштардын арасында көп.

Көрүнүп тургандай, республикада аталган мезгилде орто мектептердин материалдык-техникалык базасы мезгилден кыйла артта калган, шаарларда кыргыз тилиндеги мектептер жетишкен эмес. Телекөрсөтүүдө жана радиоберүүлөрдө кыргызча берүүлөр аз болгон, маданий-агартуу мекемелеринин саны боюнча республика башка союздук республикалардан артта турган жана алардын иши мезгил талабына жооп бербей калган.

**Үчүнчү баптын** *2-бөлүмү маданий-агартуу мекемелери жана аларга жумушчуларды тартууга арналды***.** Бардык маданият мекемелеринин алдына массалык-саясий жана маданият агартуучулук иштердин борбору болуп калуу милдети коюлган. Аларга Совет өкмөтүнүн ички-тышкы саясатын терең түшүндүрүү, адамдардын аң-сезиминен эскинин калдыктарын жоюу, атеисттик, эстетикалык жана интернационалдык тарбия берүү милдети жүктөлгөн. 1988-ж. маданий-агартуу ишине бөлүнгөн каражат боюнча Кыргызстан союздук республикалардын арасында эң акыркы орунда эле. Шаарлардагы клубдук

мекемелердин саны боюнча да акыркы 4 орундун бирин ээлеген. Аталган мекемелерде өнөр жай ишканаларынын эмгек коллективдеринин арасында жаңы, заманбап салттарды калыптандырууга жана улантууга аракеттер жасалган. Маданий үйлөрдө жумушчуларды жумушчулук кесипке кабыл алуу салты, алгачкы эмгек маяна майрамы өткөрүлгөн. Кайра куруу жылдары аталган мекемелердин иши мезгил талабына ылайык келбей калгандыгы көрүндү. Маданий агартуу мекемелерин өнүктүрүүнүн 1920-1930-жж. киргизилген концепциясы эскирди. Сабатсыздыкты жоюу мезгилиндеги клубдун тиби пассивдүү убакыт өткөрүүгө багытталган. Клубдун бул модели массалык катышууну камсыз кыла алган эмес. Жумушчулардын көпчүлүгү маданият үйлөрүнөн, клубдардан, китепканалардан алыстай баштаган. Суралган жумушчулардын 44,5%ы бул мекемелердин кызматында эч нерсе кызыктырбайт деп көрсөтүшкөн. 1,1%ы - лекция, докладдар, 21,5%ы – майрамдык кечелер, бий, 24%ы - кинофильмдердин, концерттердин коюлушу кызыктыраарын көрсөткөн. Жумушчулардын 7,8%ы өздүк көркөм чыгармачылыгына катышат.

Иликтөөлөрдөн белгилүү болгондой, совет доорундагы маданий-агартуу мекемелери саясий-идеологиялык үгүт борбору болгонуна карабай жумушчулардын жалпы маданий деңгээлин көтөргөн. Бирок, доордун акыркы мезгилине карата мазмуну чыныгы турмуштан алыс турган иш-чаралар алардын ишине болгон кызыгууну төмөндөткөн.

**Үчүнчү баптын** *3-бөлүмүндө масалык маалымат каражаттарынын жумушчулардын рухий дүйнөсүндөгү орду каралды.* ХХк. 80-жж. экинчи жарымындагы коомду демократиялаштыруу, маалымдуулук массалык маалымат каражаттарына элдин кызыгуусун арттырды. Шаардык кыргыз жумушчуларынын дээрлик баары газета-журналдарды окушат. Окурмандардын 9,6%ы спорттук жанылыктарга, 9,1%ы кылмыш окуялары менен соттук хроникага, 11,5%ы үй-бүлөө, сүйүү, адеп-ахлак маселелери чагылдырылган, 5,3%ы тарыхка, тарыхый инсандарга арналган, 2,5%ы реклама, илимий мүнөздөгү макалаларга кызыгат.

Радиоберүүлөрдөн жумушчуларды көбүрөөк кызыктырганы адабий-музыкалык оюн-зооктор (53,8%), маалыматтык (31,3%) жана спорттук берүүлөр (14,2%). Адабий-музыкалык берүүлөргө кызыккандар Кант шаарынан башка шаарларда бөлөк берүүлөргө караганда бир кыйла көп. Өзгөчө Таш-Көмүр, Өзгөн жана Каракол шаарларында ага кызыгуу жогору. Кант шаарында маалыматтык берүүлөргө кызыгуу жогору экендиги көрүнүп турат.

Жумушчулардын 98,4%ы телевизор көрө тургандыгын, анын ичинде 64,4%ы дайыма көрө тургандыгын билдиришкен. Дайыма көргөндөр эркектердин арасында 67,4%ды, аялдардын арасында 60,5%ды түзөт. Телевизорду дайыма көрүүчүлөр 26-29 жаш курактагы, жана орто билимдүү жумушчулардын арасында көп (71,3% жана 70,6%). Жумушчулардын көпчүлүгү көркөм фильмдерге, маалыматтык,

музыкалык берүүлөргө көбүрөөк кызыгышат. Телеберүүлөрдү дайыма көргөндөр Кант шаарынын жумушчуларынын ичинде башка шаарларга караганда аз, ал эми Ош шаарынын жумушчуларынын арасында алар дээрлик төрттөн үчүн түзөт. Бул республика боюнча суралган бардык жумушчулардын орточо көрсөткүчүнөн 10%га жогору. Борбор шаарда жашаган кыргыз жумушчулары жергиликтүү телепрограммаларды аз көрүшөт. Жумушчулардын арасында жергиликтүү телекөрсөтүүгө, өзгөчө кыргыз тилиндеги көрсөтүүлөргө кызыккандар көп, бирок ал талап өз деңгээлинде канаатандырылган эмес. Атап айтканда, ал суткасына 6 саат гана көрсөткөн, анын 3 саатын киноматериалдар түзгөн. Башка көрсөтүүлөргө бөлүнгөн 3 сааттын 1,6 сааты гана кыргыз тилиндеги берүүлөр эле. Киноматериалдардын 12,5 сааты орус тилинде, 0,5 сааты гана кыргыз тилинде көрсөтүлгөн. Кыргыз тилинде көрсөтүлүүчү телеберүүлөрдүн сапаты да көп сынга кабылган.

Массалык маалымат каражаттары аталган мезгилде кыргыз жумушчуларынын рухий турмушунан кеңири орун алган. Алардын кыргыз жумушчуларынын рухий керектөөлөрүн канааттандырууда алган орду бирдей эмес. Газета негизинен саясий информация булагы катары каралат. Ал эми радио адабий-музыкалык оюн-зоокторго, телевизор музыкалык берүүлөргө, көркөм фильмдерге болгон рухий талаптарды көбүрөөк канааттандырат.

**Төртүнчү бап шаардык кыргыз жумушчуларынын рухий маданиятына арналды.** ***Баптын*** *1-бөлүмүндө жумушчулардын көркөм адабият дүйнөсүндөгү кызыгуу чөйрөсү* иликтенди.

Кыргыз жумушчуларынын дээрлик баары көркөм адабиятты окушат. Алардын 30,7%ы дайыма окушарын билдиришкен. Жумушчулардын үчтөн бири тарыхый чыгармаларга кызыгат, бул жанр жумушчулар кызыккан жанрлардын арасында көрсөткүчү боюнча биринчи орунда турат. Тарыхый багыттагы адабияттан кийинки жумушчулардын кызыгуусун жараткан жанрлар - детективдер менен поэзиялык чыгармалар. Жумушчулардын 10,6%ы эпостук чыгармаларга кызыгат. Кыргыз жумушчулары чоң сый-урмат менен атаган акын-жазуучулардын басымдуу көпчүлүгү кыргыз акын-жазуучулары. Кыргыз жумушчулары сүйүктүү деп атаган жазуучулардын эң алдыңкы сабында Ч.Айтматов турат. Кыргыз жазуучуларынан андан кийинки орунда Т.Касымбековдун ысмы аталат. Алардан кийинки орундарды кыргыз поэзиясынын залкары А.Осмонов, кара сөз чеберлеринин бири З.Сооронбаева ээлейт. Ошондой эле сүйүктүү акын -жазуучулардын арасында Ж.Мамытовдун, О.Султановдун, Ж.Бөкөнбаевдин, С.Эралиевдин ысымдары көп аталат. Орус жана дүйнөлүк адабият өкүлдөрүнүн ичинен кыргыз жумушчулары тарабынан көп аталгандары А.Пушкин, Л.Н.Толстой, А.Дюма, Дж.Лондон, А.Кристи.

Жумушчулардын арасында илимий-фантастикага, өз адистиги боюнча жазылган китептерге, саясий мазмундагы адабияттарга, мемуарларга кызыккандар бар, бирок алар салыштырмалуу азчылыкты түзөт. Суралгандардын 76,1% өздүк китепканасы бар экендигин билдиришти. Жумушчулардын 44,6%ы китепканалардан пайдаланат. Алардын ичинде үзгүлтүксүз дайыма пайдалангандар 17,7%ды түзөт. Эгемендүүлүктүн алгачкы жылдары китептерди басуу, таратуу иштерине экономикалык каатчылык кыйла тескери таасирин тийгизди. Басмаканалардын бир тобу ишин токтотту. Китеп соода башкармасы жоюлат. Китеп дүкөндөрүнүн имараттары башка максатта пайдалануу үчүн сатыла баштады. Китепканаларга китептердин түшүшү азайды. Мисалы, 1992-жылы Бишкек шаарынын китепканаларына түшкөн кыргыз тилиндеги китептер 0,2%ды түзгөн.

Кыргыз жумушчуларынын көпчүлүгү көркөм адабий дүйнөсүнө тартылган. Алар кызыккан чыгармалардын арасында кыргыз акын-жазуучуларынын чыгармалары басымдуулук кылат. Аталган мезгилде тарыхый мазмундагы чыгармаларга кызыгуу жогору болгон.

**Төртүнчү баптын** *2-бөлүмү кинонун, театрдын, музыканын жана музейдин жумушчулардын рухий турмушунда алган ордуна* арналды. Суралган жумушчулардын 29,8%ы жумасына, 32,6%ы айына, 14,9%ы үч айда, 6,6%ы жарым жылда, 4%ы жылына бир жолу кинотеатрлардан кино көрөрүн билдиришкен. Кинокөрүүчүлөрдүн кинотеатрларга барып кино көрүүсүнүн интенсивдүүлүгүн изилдеген социологдор айына бир жолу кинотеатрга барган көрүүчүлөрдү кино көрүүнү адатка айландыргандар деп эсептешет, ал эми жумасына бир жолу баргандарды орточо активдүүлүктөгү көрүүчүлөр катары баалашат. Кинотеатрга барып кино көрүүчүлөрдүн арасында жумасына бир жолу барчулар 16-20 жаш курактагы жаштардын арасында көп (57,9%). Кийинки жаш курактарда мындай активдүүлүк азаят. Жумасына кинотеатрларга барып кино көргөндөр Ош, Жалал-Абад, Өзгөн, Таш-Көмүр, Майли-Сай шаарларында көпчүлүктү түзөт. Муну бул шаарлардагы маданий мекемелердин аздыгы менен түшүндүрүүгө болот.

Суралгандардын үчтөн биринен көбүрөөгү кинокомедиялар, чейрегине жакыныраагы детективдер ж.б. курч сюжеттеги, 21,2%ы тарыхый мазмундагы фильмдер көбүрөөк кызыктырарын билдиришкен. Кинокомедияларга жана детективдерге көбүнчө өспүрүмдөр менен уландар кызыгары изилдөөлөрдө көрсөтүлгөн.

“Кыргызфильм” киностудиясында тартылган фильмдер баарынан көбүрөөк жагаарын жумушчулардын дээрлик үчтөн экиси билдирген. Индия, Араб өлкөлөрүнүн фильмдерине кызыккандар Ош, Жалал-Абад, Таш-Көмүр, Өзгөн шаарларында көп болгон. Сүймөнчүк киноактерлор менен киноактрисалар катары жумушчулар атаган актер жана актрисалардын арасында кыргыздар көп. Алар: С.Чокморов, А.Темирова,

С.Жумадылов, Т.Турсунбаева, С.Күмүшалиева, Ж. Сейдахматова, О.Кутманалиев, Д.Күйүкова. Союздук жана дүйнөлүк кинофильмдерде ойногон актер жана актрисалардан жумушчуларга көбүрөөк жаккандары Т. Нигматуллин, В.Тихонов, С.Миронов, Ю.Никулин, Л.Гурченко, М.Плачидо, М.Чакраборти, Ж.Бельмондо ж.б.

Сүйүктүү кинофильмдер катары бардык шаарлардагы жумушчулар кыргыз кинофильмдерин көп аташкан. Чет элдик фильмдерден “Спрут”, “Танцуй-танцуй”, “Танцор Диско” жумушчулардын арасында кеңири белгилүү экендиги айкындалган.

Суралган жумушчулардын теңинен көбү драмтеатрларга барбайт. Драмтеатрга барып спектакль көргөндөрдүн активдүүлүгү ар кандай. Жумушчулардын 6,5%ы жумасына бир жолу, 16,3%ы айына бир жолу, 11%ы жарым жылда бир жолу, 15,6%ы жылына бир жолу театрга барышкан. Театр спектаклдерине баруу Ош шаарынын жумушчуларынын арасында башка шаарларга караганда бир кыйла жогору. Драмтеатрдын сүйүктүү актер жана актрисалары деп С.Күмүшалиеваны, Ж.Сейдакматованы, С.Жумадыловду, Т.Турсунбаеваны, Г.Ажыбекованы көрсөтүшкөн. Майли-Сай шаарында спектаклдерди телевизордон көргөндөр жана радиодон уккандар 71,4%ды, Таш-Көмүр шаарында 64,9%ды, Өзгөн шаарында 71,4%ды, Кант шаарында 68,8%ды түзөт.

1990-жж. башында Кыргыз театр өнөрүндө жаңы кубулуш – чакан театрлардын ачылышы – башталды. “Туңгуч” жаштар театры, “Шаршен” атындагы куудулдар театры ачылды. А.Умуралиев жаңы фольклордук-этнографиялык багыттагы драмалык театрды негиздейт.

Классикалык музыкага кыргыз жумушчуларынын мамилеси, бул багыттагы чыгармаларды өздөштүрүү деңгээли ар кайсы шаарларда ар түрдүү. Изилдөө ага кызыкпагандар Өзгөн, Майли-Сай шаарларынын жумушчуларынын арасында көп экендигин көрсөттү. Классикалык музыкага кызыккандар Бишкек, Ош, Кант, Жалал-Абад шаарларынын жумушчуларынын арасында көбүрөөк. Урматтаган опера ырчысы катары Б.Миңжылкыев, К.Турапов, К.Сартбаева, балет бийчиси катары А.Токомбаева көрсөтүлгөн. Өзгөн жана Майли-Сай шаарларынын жумушчулары эч кимди көрсөтө алган эмес. Опера жана балет театры койгон оюндарга кызыгуусу боюнча Бишкек жана Кант шаарларынын жумушчулары айырмаланып турат.

Жумушчулардын арасында суралгандардын үчтөн бирине жакыны эстрадалык музыкага, 29,4%ы элдик ырларга кызыгары көрүнүп турат. Кыргыз жумушчуларынын арасында кадыр-барктуу деп эсептелген ансамблдердин арасында кыргызстандык “Кыз-Бурак”, “Элес”, “Ариет”, “Таазим”, “Наристе”, чет элдик “Ялла”, “Мираж”, “Ласковый май”, “Битлз” бар. Төкмө акындардын чыгармачылыгына шаардык жумушчулардын 13,1%ы кызыгат. 30 жаштан өйдө курактагы жумушчулардын арасында бул өнөргө кызыккандар төмөнкү

курактагыларга караганда көбүрөөк. Улуу муундагылардын арасында 40%ды түзөт. Суралган жумушчулардын 17,2%ы обончулардын ырларына кызыгаарын билдиришкен. Сурамжылоодо жумушчулар сүйүктүү композиторлор деп көбүнчө обончуларды аташкан. Алардан көп аталгандары Ч.Сатаев, Р.Абдыкадыров, К.Эралиева, Т.Казаков, А.Керимбаев болушту. Ч.Сатаев Бишкек, Кант шаарларынын жумушчулары, ал эми Р.Абдыкадыров Өзгөн шаарынын жумушчулары тарабынан эң көп аталышкан. Композиторлордон Ж.Шералиев, А.Малдыбаев, М.Бегалиев көп аталган. Таш-Көмүр, Майли-Сай, Каракол шаарларында эң кадырлуу композитор катары Ж.Шералиев көрсөтүлгөн.

Көрсөтүлгөн мезгилде жүргүзүлгөн изилдөөлөр жумушчулардын 31,4%ы музейлерге барып турарын көрсөттү. Музейге барып турчулардын көптүгү боюнча Ош шаары, ал эми аздыгы боюнча Кант шаары айырмаланып турат. Ош шаарынын жумушчуларынын үчтөн экиге жакыны маданий эс алуунун бул түрүнө чоң маани беришет. Бул башка шаарларга караганда 2-2,5 эсе көп. Көркөм сүрөт музейи борбордо жайгашкандыктан көпчүлүк шаарлардын калкы ага дайыма барууга мүмкүнчүлүгү жок. Ошентсе да, аталган музейге баруу борбордо жашаган кыргыз калкынын арасында да көп эмес экендиги изилдөөлөрдө белгилүү болду.

**Төртүнчү баптын** *3-бөлүмү жумушчулардын улуттук өзүн-өзү аңдоо сезиминин өсүшүнө* багытталды. Бул мезгилде Кыргызстанда кыргыз тилинин колдонуу чөйрөсү тарып бараткандыгы, борбор шаарда кыргыз тилинде окуткан мектептердин көбөйбөй жаткандыгы, шаарда жашаган кыргыз калкынын турак-жайга жетпей жатышы, катталуу көйгөйү, кыргыздардын арасынан жумушчулардын аз даярдалып жатышы, экологиянын бузулушу сыяктуу көйгөйлөр көтөрүлүп, ар кандай деңгээлде кызуу талкууланып жаткан. Ага шаарлардагы кыргыз жумушчулары да өз үнүн кошуп турду.

Суралгандардын көпчүлүгү өзүн кыргыз улутуна ыйгаруусун тил, тарыхый тагдыры бир экендиги, элдик музыка аркылуу аңдашат. Суралгандардын 99%ы өз эне тилим деп кыргыз тилин эсептешет. Жумушчулардын 74,8%ы өз балдарын кыргыз тилинде окуткусу келишерин, 79,5%ы шаарларга, айыл-кыштактарга тарыхый атын кайтарып берүүнү колдоорун билдирген.

Профессионалдык маданиятка кызыккандардын арасында да кыргыз улуттук чыгармаларына, автору, аткаруучулары кыргыз улутунан чыккан ишмерлер болгон чыгармаларга кызыккандар көп. Улуттук сыймык катары кыргыз жазуучулары, актерлору, актрисалары, опера жана балеттеги кыргыз ырчылары, бийчилери аталат. Кыргыз жумушчуларынын пикиринде мыктылыгы жагынан “Кыргызфильм” киностудиясында тартылган фильмдер жогору турат. Суралгандардын дээрлик бардыгы мүмкүндүгүнө жараша элдик каада-салттарды

карманууга аракет кылышат, улуттук оюн-зоокторду уюштурууга, улуттук майрамдарды майрамдоого оң мамилесин билдиришкен. Үйлөрүндө улуттук буюмдарды урунушат, комуз илип коюшкан жана улуттук тамак-аштарды дайыма жасап турушат.

Жогоруда көрсөтүлгөн маалыматтардан көрүнүп тургандай ХХк. 80-90жж. шаарда жашап, өнөр-жай ишканаларында иштеген кыргыз жумушчуларынын улуттук өзүн-өзү аңдоо сезими тийиштүү деңгээлде жогору болгон.

## ЖЫЙЫНТЫКТАР:

1.Кыргыздар кылымдар бою көчмөн жана жарым көчмөн чарба менен кесиптенген. Аталган чарба үстөмдүк кылган шартта калыптанган көндүм адаттар кийинки муундарда да уланган. Алардын индустриалдык кесиптерге акырындык менен көнүшүнүн негизги себептеринин бири ушунда. Өнөр жай ишканаларында иштеген көп улуттан турган жумушчу табы калыптанган. Бирок алардын арасында кыргыздардан квалификациялуу жумушчу кадрлар өтө аз болгон. Жергиликтүү калктардан жумушчу адистерди даярдагандын ордуна ишкана жетекчилери жумушчуларды башка республикалардан чакырышкан. Шаарларда кыргыздардын аз гана бөлүгү жашагандыгына байланыштуу жумушчуларды калыптандыруунун булагы айыл-кыштак жаштары болууга тийиш эле, бирок алардын шаарга келүүсүнө түрдүү жасалма бөгөттөр коюлган.

2. Алдыңкы өнөр жайлуу кесиптерге даярдаган кесиптик-техникалык окуу жайларга кыргыз жаштары өтө аз келген, ошондо да окутуу орус тилинде жүргүзүлгөндүктөн ал жерде тийиштүү даярдык ала алган эмес.

3. Жашоого үй-жайдын жоктугу, жумушчу жатаканалардагы социалдык шарттардын төмөнкү абалы, батир жалдап, бирок шаарга катталуу мүмкүнчүлүгүнүн жоктугу жана ошого байланыштуу шаардагы социалдык шарттардан пайдалануу мүмкүнчүлүгүнөн куру калуу да алардын жумушчу кесипти аркалап калуусуна тоскоол болгон.

4.Совет мезгилинде алдыңкы тап катары жумушчулардын саясий жана маданий деңгээлин көтөрүүгө басым жасалган. Калыптанып жаткан маданий чөйрөнүн бардык элементтеринин иши ошол максатка баш ийдирилген. Маданият мекемелеринин жайгашуусу шаарлардын түрдүү статусуна жараша бирдей эмес эле. Заманбап талаптарга жооп берген маданий мекемелердин жакшылары борбор шаардан орун алган.

5.Массалык маалымат каражаттары аталган мезгилде кыргыз жумушчуларынын рухий турмушунан кеңири орун алган. Маалымат каражаттарынын кыргыз жумушчуларынын рухий керектөөлөрүн канааттандырууда алган орду бирдей эмес эле. Түрдүү шаарлардын жумушчуларынын арасында да айырмачылыктар бар.

6.Кыргыз жумушчуларынын көпчүлүгү көркөм адабий дүйнөсүнө тартылган. Алар кызыккан чыгармалардын арасында кыргыз акын-жазуучуларынын чыгармалары басымдуулук кылат. Өзгөчө аталган мезгилде тарыхый мазмундагы чыгармаларга кызыгуу жогору болгон.

7.Шаарда жашап эмгектенген кыргыз жумушчуларынын көпчүлүгү киноискусствонун чыгармаларын дайыма көрүүнү адатка айландырышкан. Кыргыз жумушчулары “Кыргызфильм” жана “Кыргызтелефильм” студияларында тартылган кыргыз фильмдерине көбүрөөк кызыкканы аныкталды. Жумушчулар кандайдыр-бир деңгээлде театр дүйнөсүнө аралашкан. Суралган жумушчулардын теңине жакыны спектаклдерди театрлардан көрөрүн билдиришкен. Театры жок орто шаарларда спектаклдерди клубдардан, маданият үйлөрүнөн, телевизордон көрүшөт жана радиодон угушат. Кыргыз жумушчуларынын арасында эстрадалык музыкага (өзгөчө жаштардын арасында), элдик ырларга жана обончулардын ырларына кызыккандар көп. Классикалык музыкага кызыккандар кыргыз жумушчуларынын арасында азчылыкты түзөт. Кыргызстандын шаардык кыргыз жумушчуларынын үчтөн бир бөлүгүнө жакыны музей экспозициялары менен таанышып турууну адатка айландырган. Мында Ош шаарынын жумушчулары өзгөчө жигердүүлүктү көрсөтүшкөн. Жумушчуларды көбүнчө тарых профилиндеги музейлер кызыктырган. Маданияттын жана искусствонун бардык багыттарына, адабиятка кыргыз жумушчулары өз эне тилинде аралашкысы келет.

8.Маданий-агартуу мекемелери саясий-идеологиялык үгүт борбору болгонуна карабай жумушчулардын жалпы маданий деңгээлин көтөргөн. Бирок, доордун акыркы мезгилине карата мазмуну чыныгы турмуштан алыс турган иш-чаралар алардын ишине болгон кызыгууну төмөндөткөн.

**Практикалык сунуштар:**

1.Кыргыздардан жогорку квалификациялуу жумушчу кадрларды даярдоого мезгил жетти. Кыргыз жаштарынан квалификациялуу жумушчу кадрларды даярдоодо Республикадагы кесипчилик-техникалык окуу жайлардын мүмкүнчүлүгүн ар тараптан арттыруу керек. Аларды окутуунун заманбап техникалык каражаттары, өндүрүшкө зарыл болгон жабдуулар жана тиешелүү окутуучу кадрлар менен камсыз кылуу, техникалык адабияттарды расмий тил менен бирдикте мамлекеттик тилде чыгарып, окутууну да ошол тилде жүргүзүү зарыл.

2.Кыргыз коомчулугунун техникалык жумушчу кесибине карата ой-пикирин түп тамырынан бери өзгөртүү зарыл. Ал үчүн орто окуу жайларда кесипке багыт берүүдө жумушчу кесибинин сырлары менен тааныштыруу аркылуу окуучулардын кызыгуусун ойготуу жана максаттуу багыт берүү керек. Көркөм адабиятта жана искусство тармагында жумушчу кесибин ардактаган көркөм чыгармаларды жаратууну ыкчамдатуу зарыл.

3.Жогорку квалификациялуу жумушчу кесибине, алдыңкы техниканы өздөштүрүүгө багыт берүү үчүн бала бакчадан баштап коомдун бардык түзүмүндө техниканы сүйүүгө жана ага тартууга болгон чөйрөнү түзүү зарыл.

4.Өнөр жай ишканаларын мурдагыдай чоң шаарларга гана эмес, айылдарга, чакан жана орто шаарларга жайгаштыруу керек. Жумушчу кесибине даярдаган кесипчилик-техникалык окуу жайларды да ишканалар жайгашкан чакан жана орто шаарларга, айылдарга да ачуу керек.

5.Өнөр жайдын, жалпы эле өлкөнүн экономикасынын жогорулашы заманбап техникалык билимге жана алдыңкы маданиятка ээ болгон жумушчу кадрларсыз мүмкүн эмес. Техникалык, гуманитардык жана эстетикалык тарбия мектеп жашынан башталууга тийиш. Ишканаларда да жумушчу ж.б. кадрлардын маданий деңгээлин көтөрүүнүн дүйнөлүк тажрыйбасы пайдалануусу зарыл.

**Диссертациянын негизги мазмуну төмөндөгү басылмаларда чагылдырылган:**


1. *Эралиев, С.* Кыргыз жумушчуларынын көркөм адабият дүйнөсүндөгү кызыгуу чөйрөсү (1980-ж. аягы 1990-ж.) [Текст] / С. Эралиев // Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук ун-тинин жарчысы. 1-сер. – 2006. – 5 чыг. – 158-161-б.

2. *Эралиев, С*. Массалык маалымат каражаттарынын шаардык кыргыз жумушчуларынын рухий ма-даниятында алган орду (80-90-ж. башы) [Текст] / С. Эралиев // Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук ун-тинин жарчысы. 1-сер. – 2002. – 2 чыг. – 80-82-б.

3. *Эралиев, С.* Ош шаарынын кыргыз калкынын маданий баалуулуктары [Текст] / С. Эралиев // Фергана - долина дружбы и взаимосогласия: сб. материалов междунар. науч. конф., проводимой в рамках дней эпоса “Манас”, посвящ. 3000-летию Оша 29-30 авг. 1997. – Бишкек, 1998. – 250-254 б.

4.*Эралиев, С.* Чтение эпосов в среде рабочих-кыргызов [Текст] / С. Эралиев // Эпос «Манас» и эпическое наследие народов мира: тез. междунар. науч. симп., посвящ. 1000-летию эпоса “Манас”, Бишкек, 27-28 авг., 1995 г. – Бишкек, 1995. – С. 140-141.

5.*Эралиев, С.Н.* Кино жана анын кыргыз жумушчуларынын рухий дүйнөсүндө алган орду [Текст] / С.Н. Эралиев // Изв. вузов Кыргызстана. – 2016. – № 1. – С. 107-110.

6.*Эралиев, С.Н*. Кыргыз жумушчуларынын этнографиялык изилдениши [Текст] / С.Н. Эралиев // Этносоциальные и этнокультурные процессы в Центральной Азии: история и современность. – Бишкек, 2010. – 233-238-б.

7.*Эралиев, С.Н.* Кыргыз жумушчуларынын калыптануу маселесине карата [Текст] / С.Н. Эралиев // Этносоциологический очерк. – Бишкек: Мурас, 1999. – С. 86-91.
8.*Эралиев, С.Н.* Кыргыз жумушчуларынын рухий дүйнөсүндө театрдын ээлеген орду [Текст] / С.Н. Эралиев // Ала-Тоодогу заманбап этнография көйгөйлөрү: Кыргыздын туңгуч этнограф айымы Какен Мамбеталиеванын (1936-1984) 80 жылдык маарекесине арналган жыйнак / жооптуу ред. проф. Г.С. Мамбеталиева, Т.К.Чоротегин. – Бишкек, 2016. – 141-143-б.
9.*Эралиев, С.Н.* Кыргыз жумушчуларынын социалдык абалынын айрым маселелери (80-жж. 2-жарымы – 90-жж. башы) [Текст] / С.Н. Эралиев // Этносоциологический очерк. – Бишкек: Мурас, 1999. – С. 92-98.
10.*Эралиев, С.Н.* Кыргыз улуттук жумушчуларынын калыптануу тарыхы [Текст] / С.Н. Эралиев // Этносоциологический очерк. – Бишкек: Мурас, 1999. – С. 98- 104.
11.*Эралиев, С.Н.* Кыргызстанда кесиптик билим берүү тармагынын кеңейиши жана анда кыргыз жумушчуларын даярдоо тарыхынан [Текст] / С.Н. Эралиев // И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик ун-тинин жарчысы. Сер. Педагогика. – 2015. – Атайын чыгарылышы. – 280-282-б.
12.*Эралиев, С.Н.* Өнөр жай ишканаларындагы маданий-агартуучу мекемелер жана аларга жумушчуларды тартуу (1920-1990) [Текст] / С.Н. Эралиев // Ош мамлекеттик университетинин жарчысы. – 2016. – № 3, I чыг. – 314-318-б.
13.*Эралиев, С.Н.* Проблемы формирования рабочих кадров промышленности Кыргызстана из числа коренных жителей в советское время [Текст] / С.Н. Эралиев // Учен. зап. Худжанд. гос. ун-та им. акад. Бабаджана Гафурова. – 2017. – №1 (50). – С.15-19.
14.*Эралиев, С.Н.* Социально-культурное развитие городских рабочих в 80-е и начало 90-х годов XXв. [Текст] / С.Н. Эралиев // Учен. зап. Худжанд. гос. ун-та им. акад. Бабаджана Гафурова. – 2016. – № 1 (46). – С. 17-21.
15.*Эралиев, С.Н.* Шаардык кыргыз жумушчуларынын этностук өзүн-өзү аңдоо сезими [Текст] / С.Н. Эралиев // Кыргызстан жана Борбордук Азия – баарлашуунун мейкиндиги: Этностор аралык мамилелерди бекемдөөнүн өтмүшү, учуру жана келечеги: Кыргыз Республикасынын УИАсынын мүчө-кабарчысы, тарых илимдеринин доктору, профессор Абылабек Асанкановдун 60 жылдыгына арналган Кыргызстандын этнологдору менен антропологдорунун II Конгрессинин [Бишкек шаары, 2015-жылдын 4-апр.] баяндамалары жана илимий макалалар жыйнагы / жооптуу ред. А.Р. Бикбулатова. – Бишкек, 2016. – 118-120-б.

**Эралиев Салайдин Нуралиевичтин “Шаардык кыргыз жумушчуларынын социалдык-маданий абалы 1980-жж. ортосу – 1990-жж. ортосу (Этносоциологиялык изилдөөлөрдүн негизинде)” аттуу 07.00.07 - этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын**

**РЕЗЮМЕСИ**


**Негизги сөздөр:** шаардык жумушчу кыргыздар, массалык маалымат каражаттары, маданий-агартуу мекемелери, кино, театр, музей, музыка, өзүн-өзү аңдоо сезими, окуу жайлар, этносоциология.

**Изилдөөнүн максаты.** Диссертациялык изилдөөнүн максаты – ХХк. 80-жж. ортосунан 90-жж. ортосуна чейинки мезгилдеги шаардык кыргыз жумушчуларынын социалдык-маданий абалын ар тараптан ачып берүү.

**Изилдөөнүн объектиси** Кыргызстандагы 1980-1990-жж. шаардык кыргыз жумушчулары.

**Изилдөөнүн предмети** шаардык кыргыз жумушчуларынын калыптануу маселелери, шаарлардын маданий чөйрөсү, жумушчулардын руханий талаптары, аларды канааттандыруунун социалдык, экономикалык шарттары, жолдору, ага таасирин тийгизген факторлор, профессионалдык маданият чыгармаларынын алардын рухий дүйнөсүндө алган орду.

**Диссертациянын илимий программалар жана негизги илимий изилдөөчүлүк иштер менен байланышы.** Диссертациялык иш демилгелүү иш болуп саналат.

**Изилдөөнүн-теориялык методологиялык негизин** этносоциология илиминин көрүнүктүү өкүлдөрүнүн концепциялары; историзм, объективдүүлүк принциптери түздү. Ишти жазууда жалпы илимий (анализ, синтез, кейс-стади, дискурс ж.б.,), атайын тарыхый (тарыхый-салыштырма, генетикалык, диахрондук, типологиялык системалаштыруу) жана этносоциологиялык методдор колдонулду.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы.** Кыргыз улуттук жумушчу кадрларынын калыптануу тарыхы, булактары жана даярдоо жолдору изилденди. Алардын көркөм адабиятка, киного, театрга, музыкага, музейге, массалык маалымат каражаттарына кызыгуусу, түрдүү шаарлардагы кыргыз жумушчуларынын маданий баалуулуктарды өздөштүрүүсүндөгү өзгөчөлүктөр алгачкы жолу айкындалды.

**Алынган жыйынтыктардын илимий - практикалык мааниси.** Изилдөөнүн жыйынтыктары улуттук жумушчу кадрлардын жаңы муунун даярдоо ишин уюштурууда, калктын түрдүү катмарларынын рухий талаптарын тереңирээк билүүдө, маданий мекемелерди калкка жакындатуу үчүн шаар курулушун пландоодо пайдалуу. Изилдөөнүн натыйжаларын окуу жайлар үчүн окуу китептерин жазууда, лекцияларды окууда колдонууга болот.

# РЕЗЮМЕ

**на диссертацию Эралиева Салайдина Нуралиевича на соискание ученой степени кандидата исторических наук по специальности 07.00.07 этнография, этнология и антропология, на тему “Социально-культурное состояние городских рабочих за период с середины 1980 - середины 1990 гг. (на основе этносоциологических материалов)**

**Ключевые слова:** городские рабочие кыргызы, средства массовой информации, культурно-просветительные учреждения, кино, театр, музей, музыка, национальное самосознание, учебные заведения, этносоциология.

**Цель исследования.** Цель диссертационного исследования – раскрыть социально-культурного состояния городских рабочих кыргызов с середины 80-х годов до середины 90-х годов XX века.

**Объект исследования**. Городские рабочие кыргызы в Кыргызстане в сер.1980 – сер.1990гг.

**Предмет исследования** вопросы формирования национальных рабочих кадров, культурная среда городов, духовные потребности рабочих, социальные, экономические условия их удовлетворения, факторы, повлиявшие на них, место, которое занимают произведения профессиональной культуры в духовном мире рабочих.

**Связь диссертации научными программами и основными научно-исследовательскими работами**. Диссертационная работа является инициативной работой.

**Теоретическо-методологическую основу исследования составили** концепции видных представителей этносоциологической науки; принципы историзма и объективности; При написании работы применили общенаучные (анализ, синтез, анкетирование, кейс-стади, дискурс и др.), специально-историчекие (историко-сравнительный, генетический, диахронический, типологический, систематизация) и этносоциологические методы.

**Научная новизна исследования.** Исследованы история формирования национальных рабочих кадров, их источники и формы подготовки. Впервые показан интерес национальных рабочих к художественной литературе, кино, театру, музыке, музею, средствам массовой информации, особенности в освоении культурных ценностей рабочими различных городов .

**Практическое значение полученных результатов.** Результаты исследования могут быть полезными в организации работы подготовки нового поколения национальных рабочих кадров, в глубоком познании духовных потребностей разных слоев населения, и в планировании градостроительства для сближения культурных учреждений к народу. Результаты данного исследования можно использовать в написании книг для учебных заведений, в чтении лекций.

**SUMMARY**

**for the dissertation of Eraliev Salaydin Nuralievich for the degree of Candidate of Historical Sciences in specialty 07.00.07 ethnography, ethnology and anthropology, on the topic "Social and cultural condition of urban workers for the period from mid-1980 to mid-1990. (based on ethnosociological materials)**

**Keywords:** urban workers, mass media, cultural and educational institutions, cinema, theater, museum, music, national identity, educational institutions, ethnosociology.

**Purpose of the study.** The purpose of the dissertation research is to reveal the socio-cultural status of urban Kyrgyz workers from the mid-80s to the mid-1990s.

**Object of study.** Urban workers Kyrgyz in Kyrgyzstan in the mid 1980s – mid-1990s.

The subject of research is the formation of national workers, the cultural environment of cities, the spiritual needs of workers, the social, economic conditions of their satisfaction, the factors that influenced them, the place occupied by the works of professional culture in the spiritual world of workers.

**Communication dissertation research programs and major research papers.** The dissertational work is an initiating work.

**The theoretical and methodological basis of the study** consisted of the concepts of prominent representatives of ethnosociological science; principles of historicism and objectivity; When writing the work, we applied general scientific (analysis, synthesis, questioning, case studies, discourse, etc.), special historical (historical-comparative, genetic, diachronic, typological, systematization) and ethno-sociological methods**.**

**Scientific novelty of the study.** The history of the formation of national workforce, their sources and forms of their training are investigated. For the first time, ethnosociological research was conducted among Kyrgyz workers working in industrial enterprises in cities of Kyrgyzstan and the interest of national workers in artistic literature was shown, the place of cinema, theater, music, museum, and media occupied in their spiritual culture was shown.

**The practical significance of the results.** The results of the study may be useful in organizing the work of preparing a new generation of national workers, in deep knowledge of the spiritual needs of different segments of the population, and in planning town planning for bringing cultural institutions closer to the people. The results of this study can be used in writing books for educational institutions, in lecturing